КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
САЛАМАТТЫК САКТОО
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО
ЗДРАВООХРАНЕНИЯ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# БУЙРУК

# ПРИКАЗ

_________________ № ________

Бишкек ш.
г.Бишкек

**“Жаңы төрөлгөн ымыркайлардын жамбаш-сан муунунун дисплазиясын жана сан сөөгүнүн муундан чыгышын ультраүндүк скринингдөө” окутуу курсун өткөрүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасында балдарга көрсөтүлүүчү медициналык кызматтардын сапатын жакшыртуу, заманбап изилдөө ыкмаларын практикага киргизүү, балдар травматолог-ортопеддеринин жана педиатр адистеринин кесиптик компетенттүүлүгүн жогорулатуу, эл аралык тажрыйба алмашууну өнүктүрүү, ошондой эле жаңы төрөлгөн ымыркайлардын жамбаш-сан муунунун дисплазиясын жана сан сөөгүнүн муундан чыгышын ультраүндүк скринингдөө ыкмасын практикага киргизүү максатында **буйрук кылам:**

1. 2026-жылдын 25-26-августунда И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиянын имаратында (Бишкек ш., Ахунбаев көч. 92-үй) “Жаңы төрөлгөн ымыркайлардын жамбаш-сан муунунун дисплазиясын жана сан сөөгүнүн муундан чыгышын ультраүндүк скринингдөө” окутуу курсу өткөрүлсүн.

2. Тиркемелер бекитилсин:
- конференцияны уюштуруу комитетинин курамы (1-тиркемеге ылайык);
- конференциянын программасы (2-тиркемеге ылайык);
- конференциянын катышуучуларынын тизмеси (3-тиркемеге ылайык).

3. МЖУжДСБнын начальниги (А. Б. Жуманазаров), республикалык жана улуттук борборлордун жетекчилери, ошондой эле аймактык медициналык борборлордун директорлору окуу курсуна педиатр, балдар травматолог-ортопеддерин, узи врачтардын катышуусун камсыз кылсын.

4. Окутуу курсун өткөрүүгө байланыштуу чыгымдарды өнөктөш уюмдар жана демөөрчүлөр менен макулдашуу боюнча алардын каражаттарынын эсебинен жүргүзүүнү камсыз кылынсын.

5. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо министрдин биринчи орун басары Т.А. Мамадалиевге жүктөлсүн.

**Министр** **Д.А. Осмонов**

№ 978, 18.08.2026

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Кол койгон: Осмонов Д.А.

1-тиркеме
КР ССМнын
2026-жылдын «___» _____
№_______буйругуна

**“Жаңы төрөлгөн ымыркайлардын жамбаш-сан муунунун дисплазиясын жана сан сөөгүнүн муундан чыгышын ультраүндүк скринингдөө” окутуу курсун уюштуруу Комитетинин Курамы**

**1. Уюштуруу комитетинин төрагасы:**

Жумабеков Сабырбек Артисбекович – Кыргыз Республикасынын травматолог-ортопеддер ассоциациясынын президенти, медицина илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын жана Россия Федерациясынын Илимдер академиясынын академиги.

**2. Уюштуруу комитетинин мүчөлөрү:**

Ведан Шахин – Түркиянын ортопеддер ассоциациясынын президенти, медицина илимдеринин доктору, профессор;

Анаркулов Бектур Суйоркулович – Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин штаттан тышкаркы башкы травматолог-ортопеди, медицина илимдеринин доктору, профессор;

Джамалбекова Элина Джамалбековна – Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин штаттан тышкаркы башкы балдар травматолог-ортопеди, медицина илимдеринин кандидаты;

Атакулов Нурбек Асылбекович – И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын дарылоо факультетинин деканынын орун басары.

2-тиркеме
КР ССМнын
2026-жылдын «___» _____
№________буйругуна

**Окутуу курсунун датасы жана өткөрүлүүчү жери**
2026-жылдын 25–26-августу
Бишкек шаары, Ахунбаев көчөсү, 93, И.К. Ахунбаев ат. КММА

**Окутуу курсунун программасы**
**1-күн (25-август 2026-ж.)**
**09:00–09:30** – Курстун ачылышы. Ачылыш сөз сүйлөө.
**09:30–10:00** – Курстун программасы менен тааныштыруу. Лектор: доктор Эмре Чуллу.
**10:00–10:40** – Жаңы төрөлгөн балдардагы жамбаш муундарынын дисплазиясы жана сан сөөгүнүн чыгып кетиши: негизги түшүнүктөр. Лектор: доктор Мюфит Орак.
**10:40–11:00** – Кофе-брейк.
**11:00–11:40** – Граф ыкмасы: теориялык негиздери. Лектор: доктор Эмре Чуллу.
**11:40–12:20** – Жамбаш муундарынын УЗИ изилдөөлөрүнүн жыйынтыктары боюнча корутунду түзүү жана ультраүндүк изилдөөнүн маалыматтарынын негизинде дарылоо алгоритмдери. Лектор: доктор Ялчын Чамуруджу
**12:20–13:30** – Түшкү тыныгуу.
**13:30–17:00** – Практикалык сабак. Жамбаш муундарын ультраүндүк изилдөө боюнча окуу макетинде практикалык сабак өткөрүү. Ультраүндүк сүрөттөрдө өлчөөлөрдү жүргүзүү.

**2-күн (26-август 2026-ж.)**
**09:00–09:30** – Курстун ачылышы. Ачылыш сөз сүйлөө.
**09:30–10:00** – Курстун программасы менен тааныштыруу. Лектор: доктор Эмре Чуллу.
**10:00–10:40** – Жаңы төрөлгөн балдардагы жамбаш муундарынын дисплазиясы жана сан сөөгүнүн чыгып кетиши: негизги түшүнүктөр. Лектор: доктор Мюфит Орак.
**10:40–11:00** – Кофе-брейк.
**11:00–11:40** – Граф ыкмасы: теориялык негиздери. Лектор: доктор Эмре Чуллу.
**11:40–12:20** – Жамбаш муундарынын УЗИ изилдөөлөрүнүн жыйынтыктары боюнча корутунду түзүү жана ультраүндүк изилдөөнүн маалыматтарынын негизинде дарылоо алгоритмдери. Лектор: доктор Ялчын Чамуруджу
**12:20–13:30** – Түшкү тыныгуу.
**13:30–17:00** – Практикалык сабак. Жамбаш муундарын ультраүндүк изилдөө боюнча окуу макетинде практикалык сабак өткөрүү. Ультраүндүк сүрөттөрдө өлчөөлөрдү жүргүзүү.

КР ССМнын
2026-жылдын «___» _____
№_______буйругуна
3-тиркеме

**Медициналык мекемелер боюнча бөлүштүрүү**

| № | Уюмдун аталышы | 25.08.26 | 26.09.26 |
|---|---|---|---|
| 1 | Эне жана баланы коргоо улуттук борбору | | 5 |
| 2 | Шаардык тез жардам балдар клиникалык ооруканасы | | 5 |
| 3 | Ош областтар аралык балдар клиникалык ооруканасы | | 3 |
| 4 | Жалал-Абад облустук клиникалык ооруканасы | | 2 |
| 5 | Ч. Мамбетов атындагы Талас облустук биргелешкен ооруканасы | | 1 |
| 6 | Нарын облустук бириктирилген ооруканасы | | 1 |
| 7 | Ысык- Көл облустук бириккен ооруканасы | | 1 |
| 8 | Э. Х. Акрамов атындагы Чүй облустук бириккен ооруканасы | | 2 |
| 9 | С.Б. Данияров атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу институту | | 5 |
| 10 | И. К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы | 10 | |
| 11 | Бишкек шаарынын төрөт үйлөрү | 10 | |